в) жүргүнчү билети,абоненттин атына катталган же аны менен жашаган абоненттер ,же алардын көчүрмөлөрү (эгерде абоненттин аты документтерде көрсөтүлсө эрежелерине ылайык)

г) мейманканада,жатаканада жашагандыгы жөнүндө эсеп, же алардын көчүрмөлөрү;

д) Ички иштер органынын абоненттин убактылуу жашаган жери боюнча тастыктамасы;

е) кошуналарджын колу коюлган акт;

ж) тастыктама (үй комитетинин, кварталныйдын,үйдүн башчысынын);

Абоненттин документтеринин көчүрмөлөрүн алып,алардын түпнускасын текшерип,алардагы маалыматтын ишенимдүүлүгүн жана толуктугун текшерүүгө "Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн көрктөндүрүү жана жашылдандыруу комбинаты" МИ укугу бар,анын ичинде аларды берген органдарга жана уюмдарга официалдуу сурам жөнөтүү жолу аркылуу;

Суу колдонуу жана канализацияга толөө өлчөмүн кайра эсептөө абоненттин убактылуу жашабаган күнүнүн санына пропорциялуу өткөрүлөт,анын кетүү күнүн жана ал жерге келген күнүн санабаганда;

5.1.6. Кеңеш ,Буденовка, Д.Курманалиев а. жашаган абоненттердин үйүндө каттоосу жок жарандар табылса суу колдонуу жана канализацияны тейлөө кызматына абонент (турмуш-тиричилик керектөөчү) төлөйт. "Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн көрктөндүрүү жана жашылдандыруу комбинаты" ММ жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын (үй же кварталдык комитетинин) колу коюлган актына ылайык;

5.1.7. Абоненттердин көчөдөгү суу бөлүштүрүү суучоргодоналган суунун чыгаша эсеби суукерektөө нормалары боюнча жүргүзүлөт;

5.2. Ичүүгө жарактуу суу менен сугаруу жана суунун агып кемүүсү;

5.2.1. Жашыл өсүмдүктөрдү сугаруу, короолорду жуу, килемдерди, автоунааларды жана механизмдерди аныкталбаган жерлерде ичүүгө жарктуу суу менен жууганга тыюу салынат. Өзгөчө абалда жашыл тигүүлөрдү сугарууга "Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн көрктөндүрүү жана жашылдандыруу комбинаты" МИ уруксаат берет.(00 сааттан 05 саатка чейин).

5.2.2. Имараттын жана курулманын куруу долбоору менен каралбаган ички (үй ичиндеги) суу түтүк тармактарынан чыгарууларды жана стояктарды курууга тыюу салынат.

5.2.3. Эрежелердин 5.2.1. жана 5.2.2. подпункттарында бузуулар табылса "Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн көрктөндүрүү жана жашылдандыруу комбинаты" ыйгарым укуктуу өкүлү менен кол коюлган акт түзүлөт,эгерде акыркысы кол коюудан баш тартса актка жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын өкүлүменен же үч кишиден турган комиссия менен кол коюлат;